**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин**
**Усулдук кеңешинин отурумунун**
**№4 протоколу**

26.08.2022-жыл
Баары -8
Катышты -8

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы.
Нарымбетова Г.М.

2.2022-2023-окуу жылы үчүн окуу планындагы предметтер боюнча мамлекеттик стандарттагы окуу программаларын аткаруу боюнча сунуштар, сааттарды бөлүштүрүү.

3.Усулдук кеңештин 2022-2023-окуу жылына карата иш планын бекитүү.

**Угулду:**
Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Нарымбетова Гүлшайыр Мирзакаримовна 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча усулдук бирикме жетекчилеринин тексттик отчетторунун негизинде маалымат берди.

(Маалымат тиркелет).

**Угулду:**
Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Нарымбетова Гүлшайыр Мирзакаримовна базистик окуу планы боюнча билдирүү жасады.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтомунун негизинде кабыл алынган мамлекеттик билим берүү стандарты жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5- августундагы №1529/1 буйругунун негизинде кабыл алынган базистик окуу планы менен башталгандыгы боюнча маалымат берди.

Мектепке чейинки Билим берүү уюмдарына барбаган балдарды мектепке даярдоо максатында 480 сааттык "Наристе" мектепке чейинки программасы ишке ашырылат

Базистик окуу планын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган негизги жалпы билим берүү программалары жана окуу-методикалык комплекстери пайдаланылат.

"Кыргыз тили","Орус тили", "Өзбек тили" жана "Тажик тили" предметтери эне тили катары 1-класстан 11-класска чейин окутулат.

кыргыз,орус,өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде "Кыргыз тилин", "Орус тилин" экинчи тил катары окуту үчүн аныкталган окуу саттарынын саны конкреттүү мектептин окууту тилине байланыштуу.

"Чет тилин" үйрөнүү 3-11-класстарда ишке ашырылат. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстарында чет тилин үйрөтүүгө жумасына 4 саат; 6-7-класстарга 3 сааттан, 3,4,8-11-кластарга жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

Тарых предмети 5-11-класстарда жумасына 2 саат менен окутулат. "Кыргызстан тарыхы" жана "Дүйнөлүк тарых" курстары ырааттуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда "Тарых"деген жалпы аталышы жазылат. 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү . "Кыргызстан тарыхы" сабагынан мамлекеттик экзамен тапшырышат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы № 177 Жарлыгына ылайык дин таануу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өспүрүмдөрдүн диндер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу максатында 2022-2023-окуу

жылынан баштап 9-класска “Диндердин өнүгүү тарыхы ” предмети киргизилип аны окутууга жумасына 1 саат бөлүнгөн.

“Адам жана коом” предмети 5-6 жана 9-11-класстарда окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

7-9-класстарда “Физика” предметин окутууга жумасына 2 саат, 10-класста 3 саат бөлүнгөн.11-класста “Физика” жана “Астрономия” курстары интеграцияланып “Физика. Астрономия” предмети катары жумасына 3 сааттан окутулат. Журналга дагы “Физика.”Астрономия” аталышында жазылат.

“Математика предмети 1-6-класска чейин окутулат. 7-11-класста “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери боюнча сабактар өзүнчө өтүлүп, класстык журналда өзүнчө жазылат.

“Технология” (эмгекке үйрөтүү, чийме жана дизайн) интеграцияланган предметин 5,6,8,9- класстарда жумасына 1 сааттар менен, 7-класста-экинчи жарым жылдыкта жумасына 1 саат менен окутулат.

“Информатика” предметтин 5,6,7,9-класстарда жумасына 1 сааттар менен, 8-класста жумасына 2 саат менен окутулат.

Көркөм өнөр” предмети 1-класстан 7-класска чейин окутулат. 1-4-класстарда жумасына 2 саат менен 5,6- класстарда жумасына 1 сааттар менен жана 7-класста- биринчи жарым жылдыгында жумасына 1 саат менен.

“Музыка” предметтин 1-2-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан, 3-7-класстарда жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

“Дене тарбия” предметтин 1-11-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

“Кыргыз тили”, “Орус тили”,”Англис тили“, “Информатика”, “Технология” предметтери боюнча сабактарды өткөрүүдө класс 2 тайпага бөлүнөт.

- орус,өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде “Кыргыз тилин” окутууда; кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде “Орус тилин” окутууда, ошондой эле “Чет тилин” окутууда 1-9-класстарда окуучулардын топтолушу 30 жана андан ашык болсо, 10-11-класстарда окуучулардын топтолушу 25 жана андан ашык болсо;
- “Информатика” боюнча 5-9-класстарда окуучулардын 25 же андан ашык болсо;

11-класстын өспүрүм окуучулары “Аскерге чейинки даярдоо” предмети боюнча апрель-май айларында окуу-талааларына 3 күн(18 саат) чыгышат, ал эми окуучу кыздар үчүн дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдык боюнча сабактар (18 саат) өтүлөт.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Нарымбетова Гүлшайыр Мирзакаримовна Усулдук кеңештин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планды талкуулап, алымча-кошумчаларды киргизүүнү сунуштады.

Усулдук кеңештин жетекчисинин сунушу менен усулдук бирикменин жетекчилери 2022-2023- окуу жылына карата Усулдук кеңеште аткарылуучу иштер боюнча талкуу жүргүзүшүп, жылдык , айлык иш пландарды түзүп, бекиттирүүнү сунуш кылышты.

**Каралган маселелер боюнча Усулдук кеңеш төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер “канааттандырарлык” деп табылсын.
2. Окуу планына ылайык мугалимдерге саттар бөлүнүп берилсин, календардык пландар түзүлүп, бекиттирилсин.
3.Усулдук кеңештин 2022-2023-окуу жылына карата иш планы бекитилсин.
4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө усулдук кеңештин жетекчиси Г.М.Нарымбетовага милдеттендирилсин.

Усулдук кеңештин төрайымы: Г.М.Нарымбетова
Катчы: Н.С.Калдинова